6.1. МККБ иш-аракетинин бардык суроолору боюнча чечим кабыл алууга ыйгарым укуктуу МККБ жогорку башкаруу органы болуп МККБ мүчөлөрдүн жылына бир жолудан кем эмес чакырылган жалпы чогулушу эсептелет.

6.2. МККБ жалпы чогулушу иш-аракетинин перспективалуу багыттарын аныктоого, өткөн иш- аракеттин жыйынтыктарын чыгарууга жана МККБ иш- аракетине кирген башка суроолорду чечүүгө чакырылат.

Коомдук бирикменин жогорку органы анын бардык мүчөлөрүнөн турган жалпы чогулуш болуп саналат. Эгерде чечимди кабыл алууда анын мүчөлөрүнүн үчтөн биринен кем эмеси катышса, жалпы чогулуштун кворуму болот.

6.3. Жалпы чогулуштун компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- Коомдук бирикменин жогорку органы анын бардык мүчөлөрүнөн турган жалпы чогулуш болуп саналат. Эгерде чечимди кабыл алууда анын мүчөлөрүнүн үчтөн биринен кем эмеси катышса, жалпы чогулуштун кворуму болот.
- Төмөнкү маселелер жалпы чогулуштун гана компетенциясын түзөт:
- - уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү;
- - коомдук бирикменин ишинин артыкчылык берилген багытын аныктоо, анын мүлкүн пайдалануунун тартиби;
- - коомдук бирикмеге мүчөлүккө кабыл алуу жана андан чыгаруу (эгерде уставда башкача каралбаса);
- - башкаруу органдарын түзүүнүн тартиби;
- - иш жөнүндө жылдык отчетту жана жылдык балансты бекитүү;
- - филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү түзүү жөнүндө чечим;
- - ишке башка юридикалык жактардын катышуусу;
- - кайра уюштуруу жана жоюу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ушул Устав жана МККБ жоболору аныктаган тартипте МККБ иш-аракетин токтотуу жана кайра уюштуруу. Жалпы чогулушта чечимдер добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат.

6.4. Эгерде жалпы чогулушка МККБ добуш бере турган мүчөлөрүнүн үчтөн бири катышса, жалпы чогулуш ыйгарым укуктуу болуп саналат. Ар бир МККБ мүчөсү жалпы чогулушта бир добушка ээ жана чогулуш башталганга чейин 25 күн мурун айтып, жалпы чогулушта карала турган зарыл суроонун каралышын талап кылууга укуктуу. Жалпы чогулуштун төрагасы протоколдун жүргүзүлүшүн уюштурат. Протоколдор китеби ар убакта МККБ мүчөлөрүнө берилет. Алардын талабы боюнча протокол китебинен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөр берилет.

6.5.Кезексиз чогулуштар МККБ Башкармалыгынын же Ревизордун талабы боюнча чакырылышы мүмкүн.

МККБ 2/3 кем эмес мүчөлөрүнүн талабы боюнча кезексиз чогулуш ар убакта жана ар себеп менен чакырылышы мүмкүн. Эгерде 20 күндүн ичинде МККБ Башкармалыгы көрсөтүлгөн талапты аткарбаса, алар МККБ мүчөлөрүнүн Жалпы чогулушун өздөрү чакырууга укуктуу.

Жалпы чогулуш күн тартипке камтылбаган суроолор боюнча чечим кабыл алууга укугу жок. Күн тартиби 20 күн мурун чогулуш башталганга чейин таркатылат.

6.6. МККБ аткаруучу органы болуп 3 (үч) адамдан турган МККБ Башкармалыгы саналат, ал МККБ мүчөлөрүнүн ичинен 3 (үч) жылдык мөөнөткө шайланат. МККБ Башкармалыктын мүчөлөрүнөн Башкармалыктын Төрагасы үч жылдык мөөнөткө шайланат. МККБ башкармалыктын төрагасы бул кызматты эки мөөнөт удаа ээлегенге болбойт.